"МАКУЛДАШЫЛДЫ"

ОшМУнун СКмИБ проректору

_______________

Ж.А.Артыкова

"2" 02 2023-жыл

"БЕКИТЕМИН"

ОшМУнун ректору, проф.

_______________

К.Т.Ташбобеков

_______________2023-жыл

**ОшМунун профессордук-окутуучулук курамынын жарыяланган "Кош Жылдыз" кароо-сынагынын**

**ЖОБОСУ**

**I. Сынактын максаты жана милдеттери:**

- Окутуучуларга моралдык дем берүү жана эстетикалык табитин арттыруу;
- Окутуучулардын сергек жана активдүү жашоо образын чагылдыруу;
- Таланттуу окутуучуларды табуу жана аларды коомчулукка даңазалоо;
- Окутуучулардын өз ара ынтымагын, достугун арттыруу жана бекемдөө;
- ОшМУнун ар бир факультетинен мыкты агай эжекени "Кош Жылдыз" кароо-сынагына тандап алуу;

**II. Сынактын катышуучулар:** (катышуучуларга коюлуучу талаптар)

- Сынакка таланттуу, ички дүйнөсү бай, интеллектуал окутуучулар факультеттердин жана колледждердин жетекчилеринин сунушу менен катышышат;
- Сынактын катышуучусу сөзсүз түрдө ОшМУнун окутуучусу болуп, ошондой эле кастингде озүнүн чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүсү зарыл;
- Эки факультет биригип, бир жуп чыгаруусу зарыл; *(факультеттердин бир жуп алып чыгуусу башкача айтканда биригүүсү чүчү кулак тартуу менен же уюштуруу топ менен факультеттердин тиешелүү жоопту адамдарынын макулдашуусу менен аныкталат)*
- Катыша турган окутуучунун бири аял киши болсо, экинчиси эркек киши болуусу керек;
- Факультеттердин жана колледждердин жетекчилери катышуучуну коллективдин ичинде тандап, сындан өткөрүп анан катыштырууга уруксат берет;
- Факультеттердин жана колледждердин жетекчилери сынакка өз түзүмдөрүнөн таланттуу окутуучуларды аталган сынакка катыштырууга милдеттүү;

**III. Сынакты өткөрүүнүн тартиби:**

- Каттоо уюштуруу тарабынан жүргүзүлөт;
- Сынак 3 (үч) турдан турат;
- Сынак кыргыз тилинде өткөрүлөт;
- Сынак масалык маалымат каражаттары тарабынан коомчулукка чагылдырылат;
- Баалуу белектер жана номинациялар уюштуруу топ тарабынан даярдалат;

**IV. Факультеттердин жана колледждердин тарбия иштери боюнча декандын, директордун орун басарларынын, жаштар кеңешинин торагаларынын милдеттери;**

- Сынак боюнча ОшМУнун ар бир окутуучусуна маалымат жеткирүү;
- Сынакка катышуучу таланттуу окутуучуларды табуу жана аларга сынактын шарты, өттүү тартиби менен тааныштыруу;
- Сынакка катышкан окутуучуларга жакындан жардам берүү жана колдоо көрсөтүү;
- Кароо-сынакты уюштурууда конкурсанттарга жана уюштуруу топко көмөк көрсөтүү;

**V. Сынакты өткөрүүнүн тартиби: (программа)**

**I тур. “Саламдашуу**” – катышуучулар улуттук же өздөрү каалаган көркөмдүү кийимде чыгып, өз чыгармачылыктары (фантазиясы) менен Кыргызстанды, Ош шаарын, ОшМУну даңазалоо менен саламдашат. Убактысы 3 (үч) мүнөт. Саламдашуунун оригиналдуулугуна, өзгөчөлүгүнө, маданияттуулугуна жана көркөмдүүлүгүнө көңүл бурулат.

**II тур. “Таланттуу Кош Жылдыз”** – мында катышуучулар өз өнөрлөрүн тартуулашат: ырдоо, музыкалык аспапта аткаруу, көркөм окуу ж.б.у.с. (фонограммага тыюу салынат) минусовкага жана музыкалык аспапта коштоп бергенге уруксат берилет) – 4 (төрт) мүнөт.

**III тур. “Ийкемдүү Кош Жылдыз”** – мында катышуучулар бий даярдашат. Бий сынагына ар түрдүү улуттун бийлерине даярданса болот. Катышуучулардын ийкемдүүлүгү, кыймыл аракетинин кооздугу, профессионалдуулугу бааланат. (башкы каармандар өздөрү болуп, жардамчыларды тартуу менен бийлегенге уруксат) – 3 (үч) мүнөт.

**ЭСКЕРТҮҮ:**

- Сынак учурунда атаандаштардын дарегине шек келтирбөө;
- “Көрүүчүлөрдүн купулуна толгон кош жылдыз” номинациясы он-лайн добуш берүү менен аныкталат.
- Катышуучулардын сынакта алган упайлары бирдей (талаш учур) болуп калган учурда, калыстар тобунун мүчөлөрү добуш берүү жолу менен орундарды аныкташат;
- Ар бир турга берилген убакыттан ашпоо;

**VI. Уюштуруу тобунун милдеттери жана укуктары:**

- Иш-чараны сынактын жадыбалы боюнча уюштуруу;
- Калыстар тобунун курамын бекитүү;
- Сынактын шарттарына кайдыгер караган жана тиешелүү талаптарды канаатандырбаган катышуучуларды четтетүү;
- Зарыл учурда сынактын жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү;

**VII. Калыстар тобу:**

- Калыстар уюштуруу тобу тарабынан аныкталат;.
- Калыстар тобунун мүчөлүгүнө профессионалдуу адистер, хореографтар жана маданият тармагындагы белгилүү инсандар чакырылат;
- Калыстартобунун мүчөлүгүнө университеттин жетекчилигинен да окүлдөр киргизилет;
- Калыстар тобунун чечими талкууга алынбайт жана өзгөрүлбөйт;
-

**VIII. Ыйгарылуучу номинациялар:**

- “Кош Жылдыз” кароо-сынагынын “Баш байгеси”
- “Кош Жылдыз” кароо-сынагы “1-орун”
- “Кош Жылдыз” кароо-сынагы “2-орун”
- “Кош Жылдыз” кароо-сынагы “3-орун”
- “Таланттуу кош жылдыз, номинациясы”
- “Ийкемдүү кош жылдыз, номинациясы”
- “Кош Жылдыз” кароо-сынагына катышкандыгы үчүн калган катышуучуларга акчалай сыйлык жана кызыктыруучу белектер, дипломдор ыйгарылат.

**IX. Сынактын өткөрүлүүчү орду жана убактысы:**

ОшМунун профессордук-окутуучулук курам үчүн жарыяланган кароо-сынак 2023-жылдын март айынын биринчи жумалыгында С.Ибраимов атындагы ОУДТда өткөрүлөт.

**Тел.: 0552322002, 0702929204**

Р.Абдыкадыров атындагы
Таланттар академиясынын директору: Д. Ыразаков